## II. ОБЩЕСТВЕННО-ГУМАНИТАРНЫЕ НАУКИ

## ФИЛОСОФИЯ

*УДК: 165*

*DOI: 10.35254/bhu/16948386_2021_56_57_47*

***Байсубанов У. К.,***
*БГУ им. К. Карасаева*

# ЖАЛПЫ ТААНЫМ ТЕОРИЯСЫНЫН КОНТЕКСТИНДЕГИ СТАНДАРТТЫК ЭМЕС ЭПИСТЕМОЛОГИЯНЫН ТЕОРИЯЛЫК- МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

***Кыскача мазмуну***

*Макалада эпистемология түшүнүгүнүн тарыхы, түптөлүшү, советтик жана постсоветтик илимий мейкиндикте калыптануусу, эпистемологтор мектебинин жаралуу процесси, теориялык-методологиялык өзгөчөлүктөрү каралып жалпы тааным теориясынын өнүгүш тарыхынан өз ордун тапкан окумуштуулардын илимий эмгектери, көз караштары тарыхый – логикалык талдоого алынып философиялык негизде рефлексияланган. Атамекендик философия илиминде эпистемологиянын айрым бир өзгөчөлүктөрү кеңири каралган эмес. Тактап айтсак батышта, айрыкча орус философиясында акыркы жылдары илимий таанып билүү багытында көптөгөн эмгектер жазылып эпистемологиянын түшүнүк-категориалдык аппараттын окуп-үйрөнүү зарылдыгы келип чыгууда. Себеби, бүгүнкү күнү эпистемология кең мааниде - таанып билүүнүн табиятынын маселелерин окуп-үйрөтүүчү философиянын бөлүгү катары, ал эми тар мааниде – таанып билүүнүн натыйжасын, мыйзамдарын жана илимдин негиздерине баа берүүчү илим катары сыпатталып илимий кызыгууну жаратып келет.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *эпистемология, гносеология, логиканын закондору, категориялар, илимий билим, эмпирикалык билим, диалектиканын принциптери, стандарттык эмес эпистемология, герменевтика, илим философиясы.*

# ТЕОРЕТИКО-МЕТОДОЛОГИЧЕСКИЕ ПРИНЦИПЫ НЕСТАНДАРТНОЙ ЭПИСТЕМОЛОГИИ В КОНТЕКСТЕ ТЕОРИИ ПОЗНАНИЯ

***Аннотация***

*В статье исследованы эволюция понятия эпистемология, процесс формирования эпистемологических школ и ее теоретико-методологические принципы, место и роль эпистемологии в общей теории познания. Наряду с этим, рассмотрены история возникновения и статус эпистемологии в советской науке, а также научные концепции, взгляды и исследования известных советско-российских ученых в области аналитической философии. В отечественной науке эпистемология как особый раздел философии недостаточна изучена, в некоторых постсоветских философских школах эпистемология и гносеология рассматриваются как синонимы и не имеют различия. В западной же и, в частности современной российской философии на протяжении последних десятилетий появилось множество фундаментальных работ по научному познанию, рассматривающие эпистемологию как особую сферу науки изучающее научное знание.*

***Ключевые слова:*** *эпистемология, гносеология, логические законы, категории, научное знание, эмпирическое знание, принципы диалектики, нестандартная эпистемология, герменевтика, философия науки.*

# THEORETICAL AND METHODOLOGICAL PRINCIPLES OF NON-STANDARD EPISTEMOLOGY IN THE CONTEXT OF COGNITIVE THEORY

***Abstract***

*The article investigates the evolution of the concept of epistemology, the process of formation of epistemological schools and its theoretical and methodological principles, the place and role of epistemology in the general theory of knowledge. At the same time, the history of emergence and status of epistemology in Soviet science, as well as scientific concentrations, views and research of famous Soviet-Russian scientists in the field of analytical philosophy are considered. In Russian science, epistemology as a special branch of philosophy has been insufficiently studied; in some post-Soviet philosophical schools epistemology and gnoseology are regarded as synonyms and have no distinction. During the last decades in the Western and, particularly, modern Russian philosophy there have been many fundamental works on scientific knowledge, considering epistemology as the special field of science, which studies scientific knowledge.*

***Key words:*** *epistemology, gnoseology, logical laws, categories, scientific knowledge, empirical knowledge, principles of dialectics, non-standard epistemology, hermeneutics, philosophy of science.*

Коомдун жана илимдин өнүгүү перспективаларын аныктоо биринчи кезекте философиянын негизги принциптеринин, анын ичинде жалпы тааным теориясындагы универсалдуу категориялардын, логикалык маселелердин иликтөөсү менен тыгыз байланыштуу. Ушул жагдайдан алганда, диалектикалык-логикалык категориялардын имманенттүү маңызын, алардын чагылдыруучулук функциясынын иликтениш абалын окуп-үйрөнүү эң актуалдуу маселелердин бири. Анткени, эпистемологиялык маселелер коомдук нугунун жалпы мыйзам-ченемдеринин маңыздык касиетин жана мамилесин чагылдырган жалпы түшүнүктөр эле болуп саналбастан, ал бардык эле коомдук кубулуштардын дагы жалпы жана негизги мүнөз өзгөчөлүктөрүн чагылдырат. Келечекте биз жашай турган коомду жана анын өнүгүш тенденцияларын аныктоодо, саясий-прогноздук аң-сезимди өнүктүрүүдө эпистемологиялык проблемаларды изилдөө учурдун негизги талаптарынын бири болуп калууда.

Айрыкча азыркы учурда жалпы эле философиялык маселелерди маданий ыкманын жардамы менен окуп-үйрөнүүгө өзгөчө басым жасалып жаткандыктан, жалпы таанып билүүдөгү фундаменталдуу категориялардын окуп-үйрөнүү маселеси солгундап баратат. Азыркы мезгилде жалпы эле дүйнөлүк философияда, айрыкча Орусияда жана Батыш эпистемологиясында, билимдин өсүп өнүгүшү өзөктүү маселелердин бири болуп саналат. Ал эми эпистемология түшүнүгүнүн жана анын теориялык-методологиялык негиздерин иштеп чыгууда белгилүү орусиялык философтор: А. Уемов, В. Штофф, В. Чанышев, В. Чернов, В. Лекторский, И. Митченков, Л. Микешина, Г. Щедровицкий, М. Розов, В. Швыревтордун жана батыш философиясынын постпозитивизм багытынын көрүнүктүү өкүлдөрү — К. Поппер, Т. Кун, И. Лакатос, К. Фейерабендтердин философиялык ойлору, алар түзгөн илимий билимдин методологиясы, парадигмалары, эмгектери илимдин өнүгүшүнө зор салым кошушту.

Жалпы таанып билүү системасында, анын ичинде илимий таанымда эпистемология жана гносеология деген түшүнүктөр жаралганга чейин эле, изилдөө предмети катары көптөгөн философтордун көңүлүн буруп келген.

Байыркы грек философиясында эпистемологиялык проблеманы биринчи жолу Парменид чындык (действительность) менен пикирдин (мнение) ортосундагы айырмачылыкты көрсөтүүдө койгон. Чындык — бул болмушту билүү, ошол себептүү, анын негизги критерийи болуп, карама-каршылыксыздык, өзгөрүлбөстүк жана убакыттан сырткарылык эсептелет. Сократ биринчи жолу конкреттүү субъектен жана анын пикиринен жашынып жаткан чындыктын жашоосу тууралуу элестөөгө негизделген таанып билүү методун — майевтиканы иштеп чыгат. Ал эми Платон нукура билимди жандын идеялар дүйнөсүнө таандыктыгын натыйжасында мүмкүндүк катары жаралган эстөө катары карайт. Аристотель болсо, таанымдын аналитика ыкмасын иштеп чыгуу менен, рационализмдин пайдубалын түптөйт.

Орто кылымдагы Европа философиясында билим кудайдан келген кайрымдуулук катары каралат. Мында кудай жаратуучу жана ачуучу катары көрүнөт. Ошол себептүү, эпистемология Библияны түшүндүрүү искусствосуна — герменевтикага айланат. Ал эми схоластиктер билимге жетүүнүн дедуктивдүү ыкмасын түзүшкөн.

Жаңы доордун философиясында гносеологиялык бурулуш жасалып, тааным проблемасы философиядагы негизги маселеге айланат. Мында рационализм традициясы менен (Декарт, Лейбниц) эмпиризм традициясынын (Бэкон, Локк, Юм) ортосунда күрөш жүрөт. Булардын алгачкылары схоластикалык-дедуктивдүү таанымдын традицияларын улантышса, ал эми соңкулары ар кандай эле билим тажрыйбадан келип чыгат деген тезисти бекемдешет.

Немис классикалык философияда Кант билимдин өбөлгөлөрү тууралуу маселени, тактап айтканда, транцендентальдык сфера тууралуу проблеманы коюп, дүйнөнү адекваттуу таанып билүү мүмкүнчүлүктөрүн четке кагат. Логика маселесин Гегелче түшүнүүдө, логика толук түрдө таанып билүү проблемаларын өз ичине камтып, ал иррационалдык нерселерди да четте калтырбай, сезүү образдарын да (образ созерцания), фантазия образдарын да (образ фантазии) өз кучагына алат. Мында логика сырткылык катары (сезим аркылуу кабылданган материалдарды ишке ашырууну) ойломдун ишкердик күчүнүн продуктуларын камтыйт.

Анткени алар да — ойлом, бирок, алар сөздөрдө, ой калчоолордо, акыл корутундуларда камтылбай калган, индивидуалдуу аң-сезимге карама-каршы турган нерселердеги (жүрүм-турумдагы, окуялардагы) ойлом болуп саналат. Мында логика бүт бойдон, толук түрдө тааным теориясы менен жуурулушуп кетет. Анткени, калган бардык эле таанып билүүчүлүк жөндөмдөр азырынча адекваттуу туюнтуу формасына ээ боло элек, али ага дейре бышып, өсүп жетиле албаган ойломдун түрлөрү катары каралат.

Жаңыкантчылыктын тушунда, тактап айтканда, XIX кылымдын аягында гана «гносеология» термини жашоого келип, ал өзгөчө илимди, изилдөөнүн өзгөчө тармагын белгилөө максатында колдонула баштайт. Гносеологияны өзгөчө илим катары тарыхый жактан иштеп чыгуу маселеси XIX кылымдын үчүнчү жарымында Европа философиялык ойлорунда таасирдүү багыт катары калыптана баштаган жаңы кантчылыктын кеңири тарашы менен байланыштуу. Логика жана тааным теориясынын маселелери марксистик философияда да каралат. Гегельдин көз карашын андан ары өнүктүрүү менен, марксизм да логиканы тааным теориясына окшош илим тармактары катары карашат. Бул көз карашка ылайык, логика коомдук адам тарабынан материалдык дүйнөнү кайра түзүүнү жана жалпы таанымдын өнүгүш схемаларын түшүндүрүүчү теория болуп саналат. Ошентип, логика — бул тааным теориясы; ушул жагдайда тааным теориясынын милдеттерин башкача аныктоо сөзсүз түрдө жаңыкантчылыктын тигил же бул түрүнө алып келет. Бул тууралуу Ф. Энгельс мындайча жазат: «… из всей прежней философии самостоятельное существование сохраняет еще учение о мышлении, его законах — формальная логика и диалектика… Все остальные входят в философию положительную науку о природе и истории". [1, 25-б.]

Марксизм аң-сезимдеги дүйнөнүн спецификалык чагылуусу — бул таанып билүүчүлүк чагылуу деп үйрөтөт. Ошол себептүү, Ленин белгилеп көрсөткөндөй, тааным теориясы таанып билүүнүн философиялык онтогенездик жана филогенездик жалпылоосуна, бүтүндөй эле маданияттын анын ичинде таанымдын тарыхын анализине кеңири таянуусу керек.

Учурдагы философияда эпистемология негизинен эки багытта өнүгүүдө: алардын биринчисинде таанып билүүнүн иррационалдык ыкмаларына, тактап айтканда, интуицияга жана түшүнүүгө басым жасалат. Классикалык рационализм кризиске тушуккан шарттарда илимий жалпылыктардын консенсусу катары көрүнгөн илимийликтин критерийлерин издөөгө (интерсубъективдүүлүк концепциясына) жана деконструкциянын жардамы менен логоцентризмди жок кылууга жана жокко чыгарууга өзгөчө көңүл бурулат. Азыркы учурдагы эпистемологиянын негизги аспекти болгон

экинчи багытта, билимдин абстракттуу структурасына жана анын жашап кетүүсүн жана жаралышын шарттай турган (функционирование) социалдык өбөлгөлөргө басым жасалат. Билимдин структурасын окуп-үйрөтүүчү эпистемологиянын негизги багыты — джастифункционизм билимди чыныгы жана негизделген пикирлер (мнения) катары жашоосун аныктоодон улам келип чыгат. Ал өз алдынча когерентизм (лат. «байланышта болуу»), дефляционизм (лат. «көбүртүү»), фаллибилизм (лат. «каталарга дуушар») өңдүү структуралык компоненттерге ээ илимий дисциплина катары жашап жатат жана бөлүнөт. Билимдерди түзүүнүн социалдык өбөлгөлөрүн окуп-үйрөтүүчү эпистемологиянын багытары да (социалдык эпистемология, билимдин социологиясы) илимий диципилина катары структураларга ээ болуп бара жатат. Бул тармак боюнча эпистемологиянын андан аркы өнүгүшүнө социология жана кейс стади методдору (анг. Конкреттүү маселени чечүү ыкмасы) өзгөчө таасир тийгизген.

Өткөн кылымдын 60–70 жылдарында орусиялык философтор тарабынан ар кандай эпистемологиялык концепциялар иштелип чыгып, билимдин теориясын же билими тууралуу илимди түзүүгө аракеттер жасалып келе жатат, бул тууралуу Н. Кузнецова мындайча жазат: «Опираясь во многом на указанную работу М. Розова, я пытаюсь кратко сформулировать основные различия предложенных подходов к проблемам изучения знания. Я укажу общие посылки и существенные различия двух эпистемологических концепций, которые были представлены в нашем философском сообществе во второй половины XX в. Задачи построения теории знания, знание о знании далеко не решена… ». [2, 185–186 б.]

Н. И. Кузнецова М. А. Розовдун эмгегине таянып, билим проблемасын окуп-үйрөнүүгө карата болгон негизги эки ыкманын негизги айырмачылыктарын формулировкалайт. Ошону менен катар эле автор XX кылымдын экинчи жарымында орусиялык философиялык коомчулукка сунуш кылынган, негизги эки эпистемологиялык концепциянын айырмачылыктарын ачып көрсөтөт. Автор белгилегендей ушул күнгө дейре билимдин теориясы же билим тууралуу билим жөнүндөгү проблема чечиле элек.

Жогоруда белгиленгендей, Н. И. Кузнецова орусиялык эки белгилүү философ — Г. П. Щедровицкий (1929–1994) менен М. А. Розовдун (1930–2011) билимге карата болгон эпистемологиялык концепцияларын окуп- үйрөнүүнүн натыйжаларын кыска түрдө берет. Мына ушул тууралуу Щедровицкий менен биргелешип иштөөсү жөнүндө М. А. Розов мындайча жазат: «Мы с ним тогда очень быстро нашли общий язык. Я ставил перед собой задачу построит логику (эпистемологию) как эмпирическую науку на базе анализа научных текстов… ». [3, 111-б.]

М. Розов өз алдына максат кылып, илимий текстерди талдоонун негизинде эмпирикалык илим катары логиканы (эпистемологияны) түзүү милдетин койгон. Ушул коюлган милдеттен көрүнүп тургандай, эпистемология биринчиден логика катары каралса, экинчиден илимий текстерди талдоого негизделген эмпирикалык билим, үчүнчүдөн атрибуттук билимдин түзүмү тууралуу илим болуп саналат.

Автор белгилегендей Щедровицкий да өз максатын ушундай коюп, алар Орусияда алгачкылардан болуп жаңы илимий дисциплинаны, тактап айтканда стандарттык эмес эпистемологияны түзгөн окумуштуулар болуп эсептелишет.

М. Розов эпистемология илимий тексттерди, анын ичинде илимий публикацияларды, монографияларды, окуу куралдарын талдоочу илим экендиги тууралуу мындайча жазат: «Итак, общая посылка, которая легла в основание дальнейших поисков,— обратиться к анализу научных текстов, т. Е. Именно научных публикаций, монографий, учебников. Заметим: не учебников и иных работ по гносеологии и философии науки, а именно непосредственный, эмпирический анализ научных текстов, анализ, который необходимо проводить самостоятельно — так, как это делает работаюший физик или химих в своей лаборатории… ». [2, 186-б.]

Бул шилтемеден баамдалып тургандай, стандарттык эмес эпистемологиянын предмети болуп илимий тексттер, анын ичинде илимий публикациялар, монографиялар, окуу куралдары эсептелет. Белгилей кетчү жагдай, мында гносеология же илимдин философиясы боюнча илимий эмгектер же окуу куралдары эмес, химик же физик өз лабораториясында иштегендей илимий тексттерди өз алдынча эмпирикалык талдоо жасоо зарыл. Мына ушундай тандоого келгенде, алар өздөрүнөн соңку эпистемологдордон айырмаланып турат.

Совет мезгилинде «эпистемология» же «илим философиясы» деген түшүнүктөр синоним жана буржуазиялык терминдер катары каралып келгендиги белгилүү. Н. Кузнецова белгилегендей, «эпистемология» жана «илимдин философиясы» түшүнүктөрү алгач синоним түшүнүктөр катары каралып, аларды буржуазиялык терминдер катары илимий изилдөөлөрдө колдонууга тыюу салынган учурлар да болгон. Бирок, Г. Щедровицкий билимди окуп үйрөтүүчү өзгөчө илимди атоо үчүн колдонуу зарылдыгын көрсөтүп, эпистемология деген терминди советтик илимге алгачкы жолу киргизген.

Советтик илимде бул термин пайда болгон мезгилде көптөгөн талаш-тартыштарды жаратып, көпчүлүк белгилүү философтор да бул терминдин колдонулушуна каршы чыгышкан. «Против «новомодного словечка» выступают, как видно, В. С. Швырев, Б. С. Грязнов, П. П. Гайденко. .. Оно кажется им ненужным, лишним, ничего не добавляющим к тому, что уже имеется в традиции исследований по «теории познания». [4, 187-б.]

Бирок, Г. Щедровицкий бул терминди пайдалануу зарылдыгын көрсөтүп, мындай деп жазат: «Эти два слова — «гносеология» и «эпистемология» — оказались как бы уже предуготовленными к различениям тех двух предметов, которые стали постепенно формироваться и выкристаллизовались в ходе развития наших российских, советских логико — методологических представлений». [4, 318-б.]

Жогоруда белгиленгендей 1960-жылдары философиянын өнүгүшү үчүн романтикалык маанай тартуулап, аренага жаңы философиялык муун келген. Алар өздөрүнөн мурунку муундун жолуна түшүп, алардын «ырын ырдабастан», мурунку муундун ашкере тартынчаактыгынан арылышып, традицияга айланып калган марксизмдин дөө-шааларынын кадыр баркына баш ийүүдөн кутулушкан. Бул учурда Щедровицкий же марксизмдин жолу менен, болбосо, батыш философторунун изи менен кетүүсү керек эле. Бирок ал бул эки жолго тең түшпөй, үчүнчү жолго — өзүнүн жеке изденүү жолуна түшкөн. Н. Кузнецова философиядагы көтөрүлүшчүлөр (Щедровицкий жана Розов) «гносеологиялык робинзонаддар» деп аталган нерселерден толук түрдө баш тартышкандыктары тууралуу мындайча жазат: «Следует также указать на безусловный отказ философских бунтарей от так называемый гносеологической робинзонады. Из марксисткой философской традиции оба они, бесспорно, принимали ту идею, что современную теорию познания (как бы ее не называть) невозможно построить

исходя из представления о «познающем субъекте»… ». [2, 187-б.]

Щедровицкий жана Розов марксистик философиядан «азыркы гносеологияда сезүү органадарынын көрсөткүчүнө таянган «таанып билүүчү субъектке «гана таянып тааным теориясын түзүүгө болбойт» деген идеясын алышып, «таанып билүүчү субъект» деген сөздү кандайдыр бир символика аркылуу туюнтуп, алда канча жалпы элестөөгө ээ болушкан. Философия тарыхынан белгилүү болгондой, марксизмге чейинки материализмде «таанып билүүчү субъект» түшүнүгү сенсуалистик материализмдин, тактап айтканда таанып билүүнүн булагы катары сезүүнү гана эсептеген материализмдин жемиши катары немис классикалык философия тарабынан четке кагылган жана бул сындоону марксизм да колдогон. Н. Кузнецова марксизм, анын ичинде марксистик — лениндик философия, «таанып билүүчү субъект» тууралуу түшүнүктү өзү сынга алганына карабай, анын кайра лениндик таанып билүү тууралуу элестөөлөрдө кандайча колдонулгандыгы жана бул таанып билүү модели азыр да болсо орусиялык илимде жашап жаткандыгын белгилейт. Жогоруда көрсөтүлгөндөй, «таанып билүүчү субъект» тууралуу элестөө марксистик философияга жат көрүнүш катары каралса да, ал тууралуу В. И. Лениндин «Материализм жана эмприокритицизм» деген эмгегинде анын таанып билүү тууралуу элестөөлөрүнүн катары терең тамыр жайып кирген жана ал бардык эле марксисттик-лениндик туура деп эсептелген жоболордун пайдубалы катары кызмат кылган. «Таанып билүүчү субъект» сыяктуу түшүнүк марксизм-ленинизм аркылуу бардык жогорку окуу жайларындагы философияны окутууга да кирип, ал ушул күндө да орусиялык жана батыш философиясынан сүрүлүп чыгарыла элек. Мына ушунун өзү, бул түшүнүктүн туура мааниге негизделгендигинен кабар берип турат.

Белгилүү орусиялык философ И. Г. Митченков башында турган авторлор эпистемология боюнча мындайча жазат: «В самом широком смысле слова эпистемология — это раздел философии, в котором изучаются проблемы природы познания… ». [5, 423-б.] Жогоруда белгиленгендей, эпистемология кең мааниден алганда, таанып билүүнүн табиятынын маселерин окуп-үйрөтүүчү философиянын бөлүгү. Аталган эмгектин авторлору эпистемологиянын тар мааниси тууралуу мындайча жазышат: «В более узком смысле эпистемология — это раздел философии, критически оценивающий законы и основания различных наук и результаты познания с целью определения степени достоверности научной картины мира и практической значимости законов, открываемых ими». Бул дефинициядан байкалып тургандай, эпистемология тар мааниде окумуштуулар тарабынан ачылган мыйзамдардын практикалык маанисин жана дүйнөнүн илимий картинасынын нукуралуулугунун (достоверности) деңгээлин аныктоо максатындагы таанып билүүнүн натыйжасы, мыйзамдарды жана ар кандай эле илимдин негиздерине илимий жактан баа берүүчү философиянын бир бөлүгү.

Эпистемологиянын чектери али да болсо так ажыратылбагандыктан аны кээде логикага же методологияга жакын илим тармагы катары карагандар да жок эмес. Ушул маселе тууралуу И. Г. Митченковдор тарабынан жазылган эмгектин авторлору мындайча жазышат: «При этом следует отличать эпистемологию как от методологии, занимающейся описанием методов, использующихся различными науками, так и от логики, знание о связи форм, в которых протекает человеческое мышление, независимо от его содержания … ». [5, 423-б.]

Эпистемологияны ар кандай илим тармактарында колдонулган методдорду окутуп-үйрөтүүчү методологиядан, ойлом жана анын законду тууралуу илим болгон логикадан айырмалоо зарыл. Анткени эпистемологиянын чектери так ажыратылган эмес. Кээде бир илим тармагы же ошол илимдерде колдонулган методдор бир эле учурда эки илимдин тармагына таандык болуп калган учурлары көп эле кездешет. Авторлор жогоруда койгон суроолорго чындап эле жооп берүү кыйынга турат. Мындай кыйынчылык биринчиден эпистемологиянын башка илимдер менен болгон чектери так ажыратыла электигенен улам келип чыгат. Биз токтолуп жаткан эмгектин авторлору эпистемологияны илимдин философиясынын көз каршынан окуп-үйрөнүшөт. Чындыгында илимдин философиясы илимий таанып билүүнүн методдору жана каражаттарын окутуп-үйрөтөт. Авторлордун оюна ылайык, эпистемологияны ушундай ыкма менен окуп-үйрөнүүдө, аны тажрыйбага чейинки (априордук) таанымдын тажрыйбалары же жалпы илимдердин методологиясынын мисалдары менен биргеликте окуп-үйрөнүүнүн зарылдыгын көрсөтүшөт.

Эпистемология (грекче: эпистема — «нукура билим», «илимий билим»), жана логос — «сөз» «кеп» (речь) деген сөздөрүнөн алынган. Ал эми гносеология (грекче: гносис — «тааным», «таанып билүү» жана логос — «сөз» «кеп» (речь) деген сөздөрүнөн келип чыккан жана тааным теориясы жана философиянын бир бөлүгү болуп саналат. [6, 315-б.] Эпистемология түшүнүгү «нукура билим», «илимий билим» тууралуу окуу болуп саналса, ал эми гносеология «тааным» жана «билим» тууралуу окуу болуп саналат. Бул учурда аталган эки түшүнүктүн окшоштугу катары «билим» деген түшүнүк эсептелсе, алардын айырмачылыгы болуп, эпистемология нукура (илимий) билимди, ал эми гносеология жалпы таанып билүүнү жана билимди туюнткандыгы эсептелет.

Албетте, дүйнөнүн адекваттуу картинасын түзүүдө, илимий билимдин методологиясын, структурасын, маңызын аныктоодо канча бир окумуштуулар, философиялык мектептер өздөрүнүн илимий теорияларынын жана жаңы багыттарынын артыкчылыктарын көрсөтүп келүүдө [7]. Ушул өңүттө караганда, гносеология жана эпистемология түшүнүктөрүнүн окшоштугу жана айырмачылыгы тууралуу илимий талаш тартыштар болуп илимий кызыгууну жаратып келүүдө.

***Адабияттар***


1. *Маркс К., Энгельс Ф. / К. Маркс, Ф. Энгельс.— Соч. 2 — ое изд. — т. 20. — С. 25.*
2. *Кузнецова Н. И. Нестандартная эпистемология в отечественном испольнении (сравнительный анализ концепций Г. П. Щедровицкого и М. А. Розова) / Н. И. Кузнецова // Философия науки. — 2012. — № 2. — С. 185–186.*
3. *Розов М. А. Сократ ХХ века (Г. П. Щедровицкий: проблемы и идеи) машинописная рукопись (из домашнего архива Н. И. Кузнецовой) / М. А. Розов. — Москва, 2012–111с.*
4. *Щедровицкий Г. П. Методология науки / Г. П. Щедровицкий. — Москва: Наука. 1997. — С. 318.*
5. *Бозан Ч. Жалгыздык сезими философиялык коз караштын алкагында / Ч. Бозан // Вестник Бишкекского гуманитарного университета им. К. Карасаева. — 2015. — № 1. — С. 313–315.*
6. *Митченков И. Г. Эпистемология: основная проблематика и эволюция подходов в философии науки / И. Г. Митченков и коллектив авторов. — Кемерово: Куз-*